**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
**«Ж. Баласагына атындагы КУУ ОМК чечими менен»**
**«19» сентябрь 2025 г**
**Протокол № 1**

**«БЕКИТЕМИН»**
**«Ж. Баласагын атындагы КУУнун ПКнин чечими менен»**
**«13» 10 2025 г**
**Протокол №**
**Ж. Баласагына атындагы КУУнун ПКнин төрагасы**
**доцент А.Б.Шамшиев** ____________

# Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин орто кесиптик билим берүү студенттерин окутуу жөнүндө РЕГЛАМЕНТИ

## (9- класстын базасындагы 1 курс үчүн)

БИШКЕК-2025

Scanned with CamScanner

# 1.ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Кыргыз улуттук университетинин Жусуп Баласагын атындагы (КУУ) окуу түзүмдүк бөлүмдөрүндө окуу процесси Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, КУУнун Уставына, орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердигин жөнгө салуучу актыларды бекитүү боюнча нормативдик документтер жыйнагына ылайык жалпы билим берүү системасынын негизинде ишке ашырылат.

**1.2.** Ушул Окуу регламенти (мындан ары — Регламент) билим берүүгө коюлган жалпы талаптарды жана КУУнун орто кесиптик билим берүүсүндө окуу процессин уюштуруунун нормативдерин белгилейт. Регламент Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 10-июнундагы №329 «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдары жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты» токтомуна жана КУУнун ОКББУдарында ишке ашырылуучу ОКББ адистиктери боюнча бекитилген мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык түзүлөт.

**1.3.** Ушул Регламентте колдонулган негизги түшүнүктөрдүн аныктамалары:

**Апелляция** – студенттердин учурдагы көзөмөлдүн жана (же) аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча алынган канааттандыраарлык эмес (төмөн) баага байланыштуу окуу жыйынтыктарын кайра кароонун тартиби.

**Аудиториялык окуу сабактары** – окуучулар агымдары жана топтору менен сабактардын жадвалына ылайык өткөрүлүүчү сабактар: лекциялар, практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактар.

**Перезачет** – компетенттүү орган (КУУнун аттестациялык комиссиясы) тарабынан инсандын мурдагы окуу этабында алган билими, жөндөмү жана/же компетенциялары КУУнун негизги билим берүү программасынын талаптарына туура келерин тастыктоо тартиби.

**Баалоо** – окуучулардын билими, түшүнүгү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн өлчөө, чечмелөө жана талдоо процесси; бул алардын этикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө, зарыл компетенцияларды өздөштүрүүсүнө багытталат, ошондой эле окуу ишинин жыйынтыктарына баа берүү үчүн кайтарым байланыш түзөт.

**Диагностикалык баалоо** – окуучунун компетенцияларынын баштапкы деңгээлин аныктоо жана андан ары анын прогрессин баалоо процесси.

**Жеке билим берүү траекториясы** – ар бир окуучунун өзүнүн билим алуу максаттарына ылайык жөндөмдөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө, мотивациясына жана кызыгуусуна карата түзүлгөн окуу ишмердүүлүгүнүн элементтеринин ырааттуулугу, ал мугалимдин координациялоочу, уюштуруучу, кеңеш берүүчү иш-аракеттери аркылуу жана ата-энелер менен кызматташууда ишке ашат.

**Инклюзивдик билим берүү** – бардык окуучулардын ар түрдүү билим алуу муктаждыктарына жана талаптарына жооп берүүчү шарттарды түзүү аркылуу ийгиликтүү окууга жана социалдашууга багытталган, балдарды сегрегациялоонун

Scanned with CamScanner

бардык түрлөрүн жокко чыгарган улуттук билим берүү системасынын ориентациясы жана динамикалык процесси.

**Компетенция** – тиешелүү тармактагы кесиптик ишмердүүлүккө зарыл болгон жеке сапаттардын, билимдердин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн динамикалык айкалышы.

**Модулдук-рейтингилик система** – студенттердин семестр ичинде окуу материалын (модулдар жана бөлүмдөр) өздөштүрүүсүн логикалык аяктаган бөлүктөр боюнча көзөмөлдөө.

**Модуль** – белгиленген максаттарга жана окуу-тарбия жыйынтыктарына карата логикалык аякталган окуу дисциплинасынын бир бөлүгү.

**Адистикке даярдоо** – негизги фундаменталдык даярдыктын биримдигине негизделген, орто кесиптик билимдүү адистерди даярдоого багытталган билим берүү программаларынын жыйындысы.

**Билим берүү программасы** – билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер.

**Орто кесиптик билим берүү (мындан ары – ОКБ)** – негизги, орто жалпы же баштапкы кесиптик билим берүү базасында окуучуларга белгилүү бир адистик боюнча кесиптик билим, көндүм жана жөндөмдөрдү берүүчү даярдоо.

**Окуу-методикалык материалдар (ОММ)** – дисциплина боюнча толук кандуу окутууну камсыз кылган материалдардын жыйындысы (иш программалары, лекциялар, практикалык сабактар, окуу-методикалык комплекстер жана алардын электрондук версиялары, өз алдынча иштөөгө тапшырмалар топтому, тест тапшырмалар пакети, көзөмөл суроолор, темалардын тизмеси, рефераттар, эсселер, билимди көзөмөлдөө каражаттары, маалымдамалар, презентациялар, видео-дарстар ж.б.). Негизги элементтери болуп дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстер жана алардын электрондук версиялары эсептелет.

**Дисциплинанын окуу-методикалык комплекси (ОМК)** – негизги билим берүү программасына кирген дисциплинаны сапаттуу өздөштүрүүнү камсыз кылган, кесиптик маанилүү компетенцияларды эффективдүү калыптандырууга мүмкүндүк берген, окуу-методикалык материалдардын структураланган системалуу комплекси. *(авн порталына киргизилген)*

**1.4.** КУУнун Жусуп Баласагын атындагы орто кесиптик билим берүү системасы төмөнкү билим берүү программаларын камтыйт:
**жалпы орто билим берүү** (аттестат берилбейт, баалар ОКББнун дипломунда көрсөтүлөт) – *1 жыл*;
**орто кесиптик билим берүү** – *1 жыл 10 ай.*

**1.5.** Окутуу КУУнун Жусуп Баласагын атындагы лицензиялык талаптарына ылайык билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугу берилген лицензиялардын негизинде кесиптик билим берүү программалары боюнча төмөнкүдөй нормативдик окуу мөөнөттөрүндө жүргүзүлөт (караңыз: схема 1).

Scanned with CamScanner

**Күндүзгү окуу формасынын схемасы**

| База | Адистиктер | Окуу мөөнөтү жана документ |
|---|---|---|
| **Негизги жалпы билим берүү (9 кл.)** | Экономика жана бух. эсеп;<br>Финансы;Менеджмент;<br>Банк иши;<br>Укук таануу;<br>Колдонмо информатика;<br>Автоматташтырылган системалар;<br>Программалык камсыздоо;<br>Башталгыч класстар;<br>Мектепке чейинки билим;<br>Социалдык педагогика;<br>Социалдык иш;<br>Тарых;<br>Чет тилдери. | 2 жыл 10 ай (2–3 курс)<br>Диплом: Орто кесиптик билим |
| **Орто жалпы билим берүү (11 кл.)** | Экономика жана бух. эсеп;<br>Финансы;<br>Менеджмент;<br>Банк иши;<br>Укук таануу;<br>Колдонмо информатика;<br>Автоматташтырылган системалар;<br>Программалык камсыздоо;<br>Башталгыч класстар;<br>Мектепке чейинки билим;<br>Социалдык педагогика;<br>Социалдык иш;<br>Тарых;<br>Чет тилдери. | 1 жыл 10 ай (1–2 курс)<br>Диплом: Орто кесиптик билим |
| **Мектептик программа (10–11 кл.)** | 10–11-класстардын предметтеринин баалары дипломдун кошумча барагына киргизилет | 1 жыл (1 курс) |

# 2. ОКУУ ЖЫЛЫНЫН СТРУКТУРАСЫ

2.1.Студенттердин жетишкендигин жана ишинин ырааттуулугун, окутуу натыйжаларын объективдүү баалоо жана окутуу сапатын көзөмөлдөө үчүн окуу жылы окуу процессинин бекитилген графигине ылайык эки семестрден (күзгү жана жазгы) турат, анда окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү чагылдырылган.

2.2.Семестр, эреже катары, төмөнкүлөрдөн турат:
Теориялык окутуу;
Учурдагы көзөмөл, семестрде эки жолу учурдагы жетишкендиктердин жана өз алдынча иштердин жыйынтыгы боюнча;
Комиссиялык кайра тапшыруу (ККТ 1);
Каникулдар.

2.3.Күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн ар бир дисциплина боюнча теориялык окутуу өткөрүлөт.

Scanned with CamScanner

2.4.Окуу жылынын ичинде кышкы жана жайкы каникулдар пландаштырылат. Студенттерге ар бир семестрден кийин каникулдар берилет, ошол эле учурда окуу жылындагы каникул убактысынын узактыгы 12 жумадан кем болбоого тийиш.

## 3.ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫН БААЛОО

3.1. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген) жалпы билим берүү системасында төмөнкүлөрдү карайт:

- Бааны окуудагы жетишкендиктин көрсөткүчү катары кароо;
- Окуучулардын натыйжаларга жетишүүдөгү жана жеке өнүгүүдөгү прогрессине байкоо жүргүзүү;
- Сапаттык жана сандык баалоонун ар кандай формаларын (жеке жана топтук иштөө, оозеки жана жазуу түрүндө ж.б.), ыкмаларын жана инструменттерин (окуучунун портфолиосу, байкоо, тесттер, контролдук иштер ж.б.) колдонуу;
- Окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) окуу процессиндеги прогресс жана кыйынчылыктар тууралуу маалымдоо, проблемаларды биргелешип чечүү үчүн.

3.2.Студенттин максималдуу окуу жүгү семестрде 640 саатты, жылына 1280 саатты жана жумасына 32 саатты түзөт. Бул анын аудиториялык окуу иштеринин бардык түрлөрүн камтыйт. Күндүзгү окуу формасында жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистик боюнча жалпы көлөмдүн 100% чегинде жумушчу окуу планы (ЖОП) менен аныкталат.

3.3.Ар бир семестрде сабактардын жадыбалы боюнча окуу сабактары өткөрүлөт, ал профессордук-окутуучулук курам (мындан ары – окутуучулар), Окуу бөлүмү менен макулдашылып, директор тарабынан бекитилет. Дисциплиналар боюнча окуу сабактарынын түрлөрү жана алардын сааттык көлөмү Жумушчу окуу планы менен аныкталат.

3.4.Күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери сабактардын жадыбалына кирген бардык сабактарга катышууга милдеттүү. Катышууну эсепке алууну тайпанын старостасы топтук журналда, сабакты өтүп жаткан окутуучунун көзөмөлүндө жүргүзөт. Журнал окуу түзүмдүк бөлүмчөсүндө сакталат жана сабактар башталганга чейин старостага берилет.

3.5.Студент сабакка келбей калган учурда бөлүм башчыга келип, сабакка келбеген себебин жазуу түрүндө түшүндүрүп бериши керек. Ооруп калган учурда студент студенттик поликлиника берген медициналык маалымкатты көрсөтөт. Студенттин башка себептер боюнча (үй-бүлөлүк жагдайлар, аскер комиссариатына чакыруу, тергөө органдарына чакыруу ж.б.) жок болушу документтер менен ырасталышы керек.

3.6. Студенттердин окуу натыйжалары сабактарды өткөрүү учурунда жана эки модулду тапшыруу мезгилинде бааланат.

Scanned with CamScanner

3.7.Ар бир семестрде күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн эки модуль өткөрүлөт, алар бүткүл семестр ичинде бирдей бөлүштүрүлөт жана жыйынтыктоочу бааны коюу менен аяктайт.

*1-таблица*

| Учурдагы контроль | | Жыйынтык суммасы |
|---|---|---|
| **1-модуль**<br>**50 балл** | **2-модуль**<br>**50 балл** | **100 балл** |

3.8. Студенттердин окуу натыйжалары 100 баллдык шкала боюнча бааланат. Акыркы баа эки модулдун баллдарынын суммасынан түзүлөт жана 2-табацага ылайык баалоо баллдык шкала боюнча эсептелет.

*2-таблица*

| Балл | Баа тамгалар менен | Кадимки баа |
|---|---|---|
| 90-100 | A | Эң жакшы (5) |
| 80-89 | B | жакшы (4) |
| 60-79 | D | Канааттанарлык (3) |
| 0-59 | F | Канааттандырбастык (2) |

3.9. Семестр ичинде окула турган дисциплина боюнча модулдар 3 табацаларга ылайык жүргүзүлөт.

*3-таблица*

| Учурдагы контроль | | | | Жыйынтык суммасы |
|---|---|---|---|---|
| 1-модуль<br>50 балл | | 2-модуль<br>50 балл | | |
| ОК1<br>25б | СРС1<br>25б | ОК1<br>25б | СРС1<br>25б | 100 балл |
| Окутуу процессинде окутуучу студенттердин сабактагы ишмердүүлүгүн күн сайын баалайт: жооп берүүсүн, активдүүлүгүн, тапшырмаларды аткаруусун жана сабакка катышуусун. Бардык күнүмдүк баалар мектептик системадагыдай эле журналга белгиленет.<br>Модулдун аягында окутуучу студенттин бардык күнүмдүк бааларынын жана аткарылган тапшырмаларынын (ОК1, СРС1 ж.б.) негизинде орточо баллын эсептейт. Орточо баллдын жыйынтыгында модуль боюнча жыйынтык баа коюлат. | | | | 2 модулдун жыйынтыгы боюнча түзүлөт. |

Scanned with CamScanner

| | |
|---|---|
| Эгерде студент модулдан өтүү үчүн жетиштүү балл топтой албаса, ага кемчиликтерин жоюуга мүмкүнчүлүк берилет: кошумча тапшырмаларды аткаруу, материалдарды кайра тапшыруу же өткөрүп жиберилген иштерди жабуу. | |

**Таблица 4**

| **Оценки по 25 балльной системе** | **Оценки по традиционной системе** |
|---|---|
| 18-25 | Отлично(5) |
| 12-17,9 | Хорошо(4) |
| 7-11,9 | Удовлетворительно(3) |
| 0-6,9 | Неудовлетворительно(2) |

3.11. Студенттердин окуу жетишкендиктери учурдагы контролдун жыйынтыктары жана модулдарды тапшыруу эсеби менен ведомостко киргизилет.

3.12. Академиялык рейтинг эки модул боюнча учурдагы контролдун натыйжаларына негизделип аныкталат.

***3.13.*** *Экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча кеминде бир экзамен же зачёттон канааттандырарлык эмес баа алган студент академиялык карызы бар студент болуп эсептелет.*

***3.14.*** *Документ жүзүндө тастыкталган жүйөлүү себептерден улам (ооруу, үй-бүлөлүк жагдайлар — жакын туугандарынын каза болушу, узак мөөнөттүү кызматтык иш сапарлар, табигый кырсыктар ж.б.) белгиленген мөөнөттөрдө зачётторду жана экзамендерди тапшыра албаган студенттер үчүн директордун рапорту (буйругу) менен экзамендерди жана зачётторду тапшыруунун жеке мөөнөттөрү белгиленет.*

***3.15.*** *Канааттандырарлык эмес баа алган студент белгиленген тартипте тиешелүү дисциплина боюнча кайрадан окуп, университет тарабынан аныкталган окуу мөөнөтүнүн ичинде академиялык карызын жоюуга укуктуу.*

**3.16.** Семестрдин жыйынтыгында студент минималдуу 60 баллды топтой албаса, дисциплинаны өздөштүрбөгөн деп эсептелет. Бул учурда студент предметти белгиленген тартипте кайрадан окууга милдеттүү. Семестр ичинде топтолгон баллдар сакталбайт.

## 4. КУРСТАН КУРСКА КӨЧҮРҮҮ

4.1. Берилген курс үчүн окуу планын толук аткарган, жыйынтык бааны жана зачётторду ийгиликтүү алган студенттер КУУ ректорунун буйругу менен директордун рапортуна ылайык кийинки курска которулат. Билдирүү жазгы семестр аяктагандан жана кайра тапшыруудан кийин тапшырылат. Билдирүү Ж. Баласагына атындагы КУУ окуу бөлүмүнүн башчысынын колу менен визаланат.

4.2. Билдирүүгө студенттердин фамилиясы, ысымы жана атын көрсөткөн тизмеси тиркелет. Тизме адистик жана окуу топтору боюнча түзүлөт. Эгер студенттердин тизмеси бир нече баракка түзүлгөн болсо, анда ар бир барак Ж. Баласагына атындагы КНУ окуу бөлүмүнүн башчысы жана директор тарабынан кол белги коюлат.

Scanned with CamScanner

4.3. Окуу жылдын жыйынтыгы боюнча (кайра тапшыруудан кийин берилген мүмкүнчүлүктөрдү эске алганда, белгиленген мөөнөттө керектүү балл топтогон эмес) 960 сааттан аз топтогон студенттер университеттен чыгарылат.

4.4. 960 сааттан көп, бирок 1280 сааттан аз окуу жүгүн өздөштүргөн студенттер учурдагы окуу жылында зачетко алынбаган дисциплиналарды кайрадан окуу шарты менен кийинки курска которулат. Бул үчүн директор Университеттин ректорунун атына рапорт даярдайт, ал окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан визаланып, чечим кабыл алуу үчүн биринчи проректорго — окуу иштери боюнча проректорго — берилет. Проректор буйрукка кол койгондон кийин, студенттердин кадрлар бөлүмү бул тууралуу директорду (же окуу иштери боюнча директордун орун басарын) жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдү маалымдайт..

Scanned with CamScanner